| | И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети |
|---|---|
| КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ТЕХНИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТ | БИЛИМ БЕРҮҮ САПАТЫН КАМСЫЗ КЫЛУУ СИСТЕМАСЫ |
| | ДП 17 – 12 |

**ЖАКТЫРЫЛДЫ**

И. Раззаков атындагы
КМТУнун Окумуштуулар
кеңешинин жыйынында
Протокол № 3
«30» 10 2024-ж.

**БЕКИТЕМИН**

И. Раззаков атындагы КМТУнун
ректору __________ Чыныбаев М.К.

Буйрук № 1/243
« » окт. 2024-ж.

**И. Раззаков атындагы**
**Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин**
**эл аралык бөлүмү жөнүндө**

**ЖОБО**

**БИШКЕК - 2024**

## ӨЗГӨРТҮҮЛӨР КИРГИЗИЛҮҮЧҮ БАРАК

| УЧА версия-сынын № | Өзгөртүү жана толуктоо киргизилген бөлүктүн/пункттун же абзацтын № (беттерин көрсөтүү менен) | КМТУнун Окумуштуулар кеңе-шинин протоколунун № жана датасы |
|---|---|---|
| 1 | | Протокол №3 30.10.2024 ж. |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |

## 1. Жалпы жоболор

1.1. И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин (мындан ары - КМТУ) Эл аралык бөлүмү жөнүндө жобо (мындан ары - Жобо) Эл аралык бөлүмдүн (мындан ары - Бөлүм) максаттарын, милдеттерин, функцияларын, укуктарын жана милдеттерин университеттин эл аралык ишмердүүлүгүн уюштуруу жана координациялоо үчүн түзүлгөн КМТУнун түзүмдүк бөлүмү катары аныктайт.

1.2. Бөлүм өз ишинде төмөнкүлөрдү: Кыргыз Республикасынын Конституциясын, Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыктарын, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомдорун, «Билим берүү жөнүндө» жана «Кыргыз Республикасындагы чет өлкөлүк жарандардын укуктук абалы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын, мамлекеттик бийлик органдарынын ченемдик укуктук актыларын, КМТУнун уставын, ректордун буйруктарын жана көрсөтмөлөрүн, ушул Жобону жана КМТУнун башка ченемдик укуктук актыларын жетекчиликке алат.

1.3. Бөлүм өз ишинде эл аралык байланыштар боюнча проректордун көрсөтмөлөрүн жетекчиликке алат.

## 2. Бөлүмдүн негизги милдеттери

2.1. 2023-2028-жылдарга КМТУнун өнүгүү стратегиясын жана 2023-2028-жылдарга КМТУнун интернационалдаштыруу стратегиясын ишке ашырууга катышуу.

2.2. Студенттер жана окутуучулар үчүн академиялык алмашуу программаларын уюштуруу жана координациялоо.

2.3. Эл аралык билим берүү жана илимий программаларды колдоо жана өнүктүрүү.

2.4. Чет элдик студенттерди жана окутуучуларды тартууга көмөктөшүү

2.5. Университет менен чет өлкөлүк өнөктөштөрдүн жана уюмдардын өз ара аракеттенүүсүн координациялоо.

2.6. Эл аралык конференцияларды, семинарларды жана башка иш-чараларды уюштуруу.

## 3. Бөлүмдүн функциясы

3.1. Чет элдик университеттер жана илимий уюмдар менен кызматташуу боюнча келишимдерди даярдоо жана түзүү.

3.2. Чет өлкөлүк делегацияларды кабыл алууларды жана визиттерди уюштуруу

3.3. Чет өлкөлүк студенттерге жана окутуучуларга визалык жана иммиграциялык саясат, адаптация жана интеграция маселелери боюнча консультациялык жана уюштуруучулук колдоо көрсөтүү.

3.4. Эл аралык билим берүү программаларын жана долбоорлорун иштеп чыгуу жана координациялоо.

3.5. Эл аралык билим берүү көргөзмөлөрүнө, форумдарга жана конференцияларга катышуу.

3.6. Университеттин веб-сайтында эл аралык бөлүмдүн ишмердүүлүгү, чет өлкөлүк жарандарды окууга тартуу, университеттин маалыматтык материалдарын чет тилдерде таратуу, академиялык мобилдүүлүк ж.б.у.с. бөлүмдөр боюнча сапаттуу тейлөө.

3.7. Университеттин эл аралык иш-чараларынын эсебин жана отчеттуулукту жүргүзүү.

## 4. Бөлүмдүн түзүмү

**4.1. Эл аралык мамилелерди өнүктүрүү сектору.**

Сектордун функциясы:

- университеттин эл аралык байланыштарын чыңдоо боюнча стратегияларды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу;
- эл аралык кызматташуу үчүн артыкчылыктуу региондорду жана багыттарды аныктоо;
- чет өлкөлүк ЖОЖдор жана уюмдар менен келишимдерди даярдоо, түзүү жана аткарылышына мониторинг жүргүзүү;

– биргелешкен эл аралык долбоорлорду жана программаларды координациялоо;
– чет өлкөлүк өнөктөштөрдүн катышуусу менен конференцияларды, семинарларды, симпозиумдарды өткөрүү;
– эл аралык билим берүү көргөзмөлөрүнө жана форумдарына катышуу;
– дараметтүү эл аралык өнөктөштөр менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү;
- чет өлкөлүк окуу жайлар жана уюмдар менен ишкердик байланыштарды түзүү жана колдоо.

**4.2. Чет өлкөлүк жарандар менен иштөө сектору.**

Сектордун функциясы:

– визалык колдоо, жайгаштыруу жана адаптациялоо суроолору боюнча консультациялар;
– университет чөйрөсүнө интеграциялоо үчүн багыт берүү программаларын жана иш-чараларды уюштуруу;
– чет өлкөлүк студенттерди кабыл алуу жана каттоо процессин административдик камсыздоо;
– чет өлкөлүк жарандардын өлкөдө болуушуна байланыштуу бардык укуктук жана административдик жол-жоболордун аткарылышын камсыз кылуу;
– чет өлкөлүк студенттер жана окутуучулар үчүн маданий-социалдык иш-чараларды уюштуруу;
– өлкөдө болуу менен байланышкан күнүмдүк жана социалдык маселелерди чечүүдө колдоо көрсөтүү;
– академиялык маселелер боюнча консультация берүү, курстарды жана программаларды тандоодо көмөк көрсөтүү;
- чет өлкөлүк студенттер үчүн келип чыккан академиялык көйгөйлөрдү жана маселелерди чечүүгө көмөк көрсөтүү.

**4.3. Академиялык мобилдүүлүк сектору жана биргелешкен билим берүү программалары.**

Сектордун функциясы:

– студенттердин программаларды алмашуусун уюштуруу жана башкаруу.
– студенттерди алмашууга чейин, алмашуу учурунда жана андан кийин да, анын ичинде виза жана жатакана маселелери боюнча колдоо.
– окутуучулар үчүн стажировка жана академиялык алмашуу программаларын башкаруу.
– эл аралык конференцияларга жана семинарларга катышууну уюштурууга колдоо көрсөтүү;
– чет өлкөлүк ЖОЖдор менен биргелешкен билим берүү программаларын даярдоодо жана ишке ашырууда университеттин түзүмдүк бөлүмдөрүнө көмөк көрсөтүү;
– биргелешкен билим берүү программаларынын сапатын жана эл аралык стандарттарга ылайык келүүсүн камсыз кылуу;
– алмашуу жана биргелешкен программаларды тандоодо студенттерге жана окутуучуларга көмөк көрсөтүү;
– студенттер жана окутуучулар үчүн арыздарды берүү, визаларды алуу жана документтерди даярдоо боюнча консультациялар;
– академиялык мобилдүүлүк программаларынын жана биргелешкен билим берүү программаларынын натыйжалуулугун талдоо;
- катышуучулардын пикирлерин чогултуу жана жетекчилик үчүн отчетторду даярдоо.

## 5. Бөлүмдүн укугу

5.1. Өз милдеттерин аткаруу үчүн университеттин түзүмдүк бөлүмдөрүнөн керектүү маалыматтарды суроо жана алуу.

5.2. Эл аралык уюмдарда, конференцияларда, көргөзмөлөрдө жана башка иш-чараларда университеттин атынан чыгуу.

5.3. Мамлекеттик органдарда чет өлкөлүк жарандарды каттоо, кабыл алуу жана эсепке алуу маселелеринде университеттин атынан чыгат.

5.4. Эл аралык кызматташтыкты өнүктүрүүгө байланышкан маселелер боюнча университеттин жетекчилигине сунуштарды киргизүү.

## 6. Бөлүмдүн кызматкерлеринин милдеттери

6.1. Учурдагы мыйзамдарга, университеттин уставына жана ушул Жобого ылайык келүү.

6.2. Кызматтык милдеттенмелерин сапаттуу жана өз убагында аткаруу.

6.3. Университеттин эл аралык ишмердүүлүгүнө тиешелүү маалыматтардын купуялуулугун камсыздоо.

## 7. Бөлүмдүн ишин уюштуруу

7.1. Бөлүмдү жетектөө университеттин ректору тарабынан кызматка дайындалуучу жана кызматтан бошотулуучу тартибинде бөлүм башчы ишке ашырат.

7.2. Бөлүмдүн башчысы бөлүмдүн милдеттеринин жана функцияларынын аткарылышы, ошондой эле университеттин жетекчилиги тарабынан берилген тапшырмалардын сапаттуу жана өз убагында аткарылышы боюнча жоопкерчиликти алат.

7.3. Бөлүмдүн штаттык расписаниесин жана кызматкерлеринин саны университеттин ректору тарабынан бекитилет.

7.4. Бөлүмдүн кызматкерлеринин иши бөлүмдүн жетекчиси тарабынан иштелип чыккан жана университеттин жетекчилиги менен макулдашылган кызматтык нускамалар менен жөнгө салынат.

МАКУЛДАШЫЛДЫ:

Укук иштери бөлүмүнүн башчысы Исраилов А.Ж.